**«Жыргалым»**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Карымов Айбек Үсөнович

Айтып сага сырларым,

Арнадым көп ырларым.

Татынакай назым, өмүрдөгү жазым,

Жашоодогу жыргалым.

Жаштык кездин жылдарын,

Бир көрөлү, жыргалым.

Татынакай назым, өмүрдөгү жазым,

Жашоодогу жыргалым.

Кайырма:

Жаштык өтөт, жылдар билинбей,

Байлык кетет колдун кириндей.

Өмүр кыска, өтүп кетпесин,

Жаздын назик гүлүндөй.

Гүлдөрүндөй жылганын

Суктандырган кыйланы

Татынакай назым өмүрдөгү жазым

Жашоодогу жыргалым

Жандай сүйүп сыйларым

Жыпар жыттуу гүл багым

Татынакай назым өмүрдөгү жазым

Жашоодогу жыргалым

Кайырма